***Токтомаметов Алмазбек Даткабекович,***
***п.и.к., Кыргыз билим берүү академиясы***

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЕКТЕПКЕ ЧЕЙИНКИ ЖАНА МЕКТЕПТЕГИ БИЛИМ БЕРҮҮСҮНДӨГҮ ӨЗГӨРҮҮЛӨР

***Токтомаметов Алмазбек Даткабекович,***
***к.п.н., Кыргызская академия образования***

# ИЗМЕНЕНИЯ В ДОШКОЛЬНОМ И ШКОЛЬНОМ ОБРАЗОВАНИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

***Toktomametov Almazbek Datkabekovich***
***Candidate of Pedagogical Sciences, Kyrgyz Academy of Education***

# CHANGES IN PRESCHOOL AND SCHOOL EDUCATION IN THE KYRGYZ REPUBLIC

***Аннотация:*** *Макалада Кыргыз Республикасындагы мектепке чейинки билим берүү, мектепке даярдоо жана мектепте билим берүү жаатында нормативдик негизде жана практикада болуп жаткан өзгөрүүлөр, бул багыттагы жаңы программаларды жаратууга жана уюмдарды көбөйтүүгө көңүл буруунун өсүшү тууралуу сөз болот. Ошондой эле анда жаңыдан иштелип чыккан базистик окуу планынын, предметтик стандарттардын, окуу-усулдук комплекстердин өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтылат. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөр жана аларды калыптандыруу жолдору, сабактын максаттарын так, ченеле тургандай кылып, SMART критерийлерди колдонуу менен аныктоого коюлуучу талаптар, сабактын максаттары менен баалоонун жана сабактын жүрүшүнүн ортосундагы байланыш талкууланат. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун диагностикалык, калыптандыруучу, жыйынтыктоочу түрлөрү тууралуу сөз болуп, калыптандыруучу баалоонун техникалары, алардын артыкчылыктары, пайдалуу жактары талкууга алынат.*

*Ошондой эле мындан аркы аткарыла турган иштер, окуучулардын жумалык, жылдык окуу жүктөмдөрүн азайтуу, окуу предметтерин жуурулуштуруу аркылуу алардын санын оптималдаштыруу, тандоо окуу предметтерин киргизүү, кесипке багыттоону (профилдик билим берүүнү) күчөтүү, ачык билим берүү ресурстарын, интерактивдүү санариптик окуу куралдарын иштеп чыгууну күчөтүү, окуучуларды баа, мугалим же ата-эне үчүн окуу психологиясынан арылтуу жана билим берүү стандартынын базалык эмес, окуучунун мыкты үлгүсүнө (эталонуна) негизделген тибине өтүү зарылдыгы боюнча сунуштар берилет.*

*Макалада республикада билим берүү жаатында болуп жаткан өзгөрүүлөрдү нормативдик документтерге жана практикага таянуу менен, сыпаттоо методу колдонулду.*

***Аннотация:*** *В статье речь идет об изменениях в дошкольном образовании, подготовке детей к школе и школьном образовании в нормативном отношении и на практике, об усилении внимания на разработку новых программ. А также в ней говорится об особенностях нового базисного учебного плана, новых предметных стандартов и учебно-методических комплексов. В статье обсуждаются ключевые и предметные стандарты, компетентности учащихся и пути их формирования и требования к определению целей уроков конкретными, измеряемыми, с использованием SMART критериев и взаимосвязь между целями урока и его оцениванием. В ней также речь идет о диагностическом, формативном и*

*суммативном оценивании, о техниках формативного оценивания, об особенностях формативного оценивания.*

*Также в статье даются рекомендации в части оптимизации недельной и годовой учебной нагрузки, уменьшения количества учебных предметов через их интеграции, введения учебных предметов по выбору, усиление профильного образования, улучшения разработки интерактивных, цифровых учебных материалов и учиться детям не за отметки и переходе на образовательные стандарты, основанные на эталон лучшего ученика.*

*В статье использовался описательный метод, опираясь на новые изменения в сфере образования.*

***Abstract:** The article deals with the changes in the preschool education, the preparation of children for school and school in the normative and practical way, increasing attention to the development of new programs. And also it talks about the features of the new basic curriculum, new subject standards and teaching and methodological complexes. The article discusses key and subject standards, students' competencies and ways of their formation, and requirements for setting the course of the lessons of concrete, measurable, using SMART criteria and its relationship. It also deals with diagnostic, formative and cumulative assessment, methods of formal evaluation, the features of formative evaluation.*

*The article also gives recommendations in terms of reducing the number of subjects through their integration, introducing elective subjects, strengthening profile education, improving the development of interactive, digital teaching materials and learn from children not for marks and on the basis of the standard of the best student.*

*The article uses a descriptive method relying on new changes in the field of education.*

***Түйүндүү сөздөр:** билим берүү стандарттары, базистик окуу планы, предметтик стандарттар, окуучулардын компетенттүүлүктөрү, сабактын максаты, окуучулардын жетишкендиктерин баалоо.*

***Ключевые слова:** образовательные стандарты, базисный учебный план, предметные стандарты, компетенции учащихся, цель урока, оценивание достижений учащихся.*

***Key words:** standards of education, basic curriculum, subject standards, the competencies of students, purpose of the lesson, assessing the achievements of students.*

**Билим берүү – мамлекетти өнүктүрүүнүн негизи**

Учурда өнүгүп жаткан мамлекеттердин тажрыйбасын талдоого ала турган болсок, өнүгүүнүн негизги критерийи анын билим берүү системасынын абалы экендигин көрүүгө болот. Акыркы кездеги маалыматтык-коммуникация жаатындагы абдан тез ишке ашып жаткан кескин өзгөрүүлөр мамлекеттин өнүгүүсүндө адам ресурсун биринчи орунга алып чыкты. Ал эми адам ресурсун өстүрүү негизинен билим берүү аркылуу ишке ашат. Ошондуктан өнүгүүнү каалаган өлкөлөр билим берүү системасын заман талабына ылайык реформалап, ага өзгөчө көңүл бурууда. Бул багытта Кыргыз Республикасында да бир топ иштер жасалууда.

**Кыргыз Республикасынын билим берүү системасындагы өзгөрүүлөр**

Алгач Кыргыз Республикасынын билим берүү системасы тууралуу сөз кылсак, ал төмөнкүдөй баскычтардан турат:

1. Мектепке чейинки билим берүү
2. Мектепке даярдоо программалары
3. Мектептик билим берүү:
   - 2.1. Башталгыч мектептик билим берүү
   - 2.2. Орто мектептик билим берүү
   - 2.3. Жогорку мектептик билим берүү
4. Кесиптик билим берүү:
   - 3.1. Атайын кесиптик билим берүү
   - 3.2. Жогорку кесиптик билим берүү

Мектепке чейинки билим берүү 6-7 жашка чейинки куракты өзүнө камтыйт. Кыргызстанда балдарды мектепке чейинки билим берүү уюмдарына тартуу Советтер Союзу урагандан кийинки 2000-жылдары 7 %га чейин түшүп кеткен, учурда ал кийинки кезде төрөлгөн балдардын саны олуттуу өсүп жатканына карабастан, 22,5 %га көтөрүлдү. Кыргызстанда кийинки кезде мектепке чейинки билим берүүгө көп көңүл бурулууда. Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо мамлекеттик стандарты [Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-октябрындагы №742 токтому

менен бекитилген. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/93990/10?cl=ky-kg&mode=tekst, 17.09.2018. алынды] иштелип чыгып, анын негизинде вариативдүү окуу программалар даярдалып, учурда мамлекеттик, муниципалдык бала бакчалар менен катар жамааттык жана жайлоо бала бакчалары да ийгиликтүү иштеп жатат. «Балалык» 3төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү программасы [Бишкек, 2017] иштелип чыгып, колдонулууда.

Мындан сырткары кийинки кезде балдарды мектепке даярдоо программалары ийгиликтүү иштөөдө. 2006-жылы 100 сааттык балдарды мектепке даярдоо программасы ишке кирген болсо, 2012-жылы ал 240 сааттык болуп түзүлүп, 2015-2016-окуу жылынан баштап 480 сааттык «Наристе» балдарды мектепке даярдоо программасы [Бишкек, 2014] иштеп, учурда ага 6-7 жаш курактагы балдардын дээрлик 100 %ы тартылууда.

Кыргыз Республикасында башталгыч мектептик билим берүү (1-4-кл.) 4 жылга, ортоңку мектептик билим берүү (5-9-кл.) 5 жылга, жогорку мектептик билим берүү (10-11-кл.) 2 жылга созулат. Кийинки кезде мектептик билим берүүнүн мазмунун заман талабына ылайык жаңылоого өзгөчө көңүл бурулууда.

**Аткарылган иштер жана компетенттүүлүк деген эмне?**

Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты [КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген. [http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/96690. 17.09.2018. алынды] иштелип чыгып, анын негизинде базистик окуу планынын (БУП) жаңы варианты даярдалып, 2018-2019-окуу жылынан баштап 5-6-класстар республикада ушул БУП менен окуй башташты жана бардык башка окуу предметтери боюнча предметтик стандарттар, окуу программалары иштелип чыгып, 7-9-класстар үчүн окуу-усулдук комплекстер даярдалууда. Бул документтердеги негизги өзгөчөлүк билим берүүчүлүктөн компетенттүүлүк мамилеге өтүү болуп саналат.

Компетенттүүлүктүн негизин билимдер, билгичтиктер, көндүмдөр түзөт, аларсыз компетенттүүлүк калыптанбайт. «Компетенттүүлүк билимдердин, билгичтиктердин түрдүү элементтерин жана ишмердиктин ыктарын окуу, инсандык, кесиптик кырдаалда өз алдынча колдонуу боюнча адамдын жуурулушкан (интеграцияланган) жөндөмү» [Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты, КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекитилген. 9-п. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/96690. 17.09.18 алынды].

Учурда маалымат абдан көп, анын баарын окуучу канча аракет кылса да, өздөштүрүүгө мүмкүнчүлүгү болбойт. Ошондуктан окуучулардын компетенттүүлүгүн калыптандырууну үч багытта кароого болот. Биринчиси – окутуу процессинде баланын турмушуна керектүү материалдарды гана берүү керек. Муну предметтик стандарттарды, окуу программаларын, окуу-усулдук комплексттерди түзүүчүлөр жана мугалимдер ишке ашырышат. Экинчиси – балага керектүү материалдарды издеп табуу жолун үйрөтүү зарыл. Үчүнчү багыт – окуучулар алган билимин турмушта пайдалана алгандай кылып окутуу.

Компеттенттүүлүк мамиле акыркы, сапаттуу, социалдык жактан маанилүү жана ченеле турган натыйжага багытталган окутууну уюштуруу менен байланыштуу болот. Учурда Кыргызстанда бул багытта иш жүрүп, сабактын максатын балдардын позициясынан жана ченеле тургандай кылып коюунун, аны жаңы билим берүү технологиялары менен ишке ашыруунун жана анын канчалык ишке ашкандыгын баалоонун жаңы концепциясы ишке кирүүдө.

Сабактын максаттарын жаңыча аныктоо үчүн аларга карата бир нече талаптар коюлат:

1. Сабактын максаты баланын позициясынан коюлушу, ал окуучулар менен талкууланышы (зарылчылык болсо, түзөтүүлөрдүн киргизилиши жана көрүнөө жерге жазылып коюлушу) керек.
2. Сабактын максаты ченеле турган болушу шарт.

3. Сабактын максаты SMART критерийлерин эске алуу менен аныкталышы зарыл.

Мугалимдин позициясынан коюлган сабактын максаты менен баланын позициясынан коюлган максаттын айырмачылыгы эмнеде деген суроонун жаралышы мыйзам ченемдүү көрүнүш. Баланын позициясынан коюлган максат балага жакын болуп, аны ишмердикке тартып турат, анткени бул максат ошол баланыкы, ага тиешелүү. КР Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан кабыл алынган мугалимдерди аттестациялоо боюнча материалга ылайык, максат баланын позициясынан коюлса 1 балл, ага кошумча анын критерийлери, индикаторлору болуп, балдар менен талкууланса 2 балл, булардан сырткары, сабактын башталышында окуучулар менен талкууланып, оңдоп-түзөтүүлөр киргизилсе жана аларга жетүү даражасы талданса 3 балл берилет [Жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдерин аттестациялоонун материалдары. –Бишкек, 2016, 5-б.].

Сабактын максатынын ченеле турган болушу анын натыйжаларын баалоого жардам берет. Маселен, «тиешелүү материал боюнча баланын түшүнүгүн өркүндөтүү» деген максатты кантип баалоого болот? Ал канча өркүндөдү? Же болбосо «жакшыртуу», «өстүрүү», «өнүктүрүү», «көбөйтүү», «тарбиялоо» деген сыяктуу этиштер колдонулган максаттарды баалоо, ченөө деги эле мүмкүн эмес. Демек, ченелбей турган максаттар коюлган сабактарды баалоо кыйынчылыкты туудурат, андыктан сабактын максатын аныктоодо аларды колдонууга болбойт.

Балдардын иш-аракети көрүнүп турган жана ченелүүчү төмөнкүдөй этиштерди колдонуу максатка ылайык болот: «санап берет», «атайт», «аныктама берет», «түшүндүрөт», «көрсөтүп берет», «мисал келтирет», «өз сөзү менен айтып берет», «кайра баяндайт», «чечмелейт», «санап көрсөтөт», «тандай алат», «өзгөртүп түзөт», «пландаштырат», «топторго бөлөт», «классификациялайт», «айырмалайт», «салыштырат», «тандайт», «байланыштырат», «схема түзөт», «жалпылайт», «пландаштырат», «иштеп чыгат», «далилдеп бере алат», «өлчөйт», «негиздейт», «баа берет» ж.б. Анткени бул этиштер ченелет, демек бааланат.

Эми SMART критерийлерге келе турган болсок, ал англис тилинен «акылдуу» деп которулат:

S (Specific) – конкреттүү, спецификалуу;

M (Measurable) – ченеле, өлчөнө турган;

A (Affordable) – жетишиле, ишке ашырыла турган;

R (Realistic) – реалдуу, натыйжага багытталган;

T (Time-bound) – убактысы аныкталган [«Башталгыч мектеп үчүн билим берүү стандарттары» тренингинин материалдары. –Бишкек, 2016, 1.8 таркатма материалы].

Бул ушул критерийлер менен максат койгон адам жана анын максаты «акылдуу болот» дегенди билдирет эмеспи. Чынында да максатты ушундай коюу кайсы гана иште болбосун ийгиликке, мыкты натыйжаларга жетүүнүн негизи болуп саналат.

**Максат менен баалоонун жана сабактын жүрүшүнүн байланышы**

Баалоо чен-өлчөм менен байланыштуу, б.а. баалай турган нерсе ченеле турган болушу шарт, ченелбей тургандын баары, анын ичинде максат да, бааланбайт. Жогоруда белгилегендей, бир нерсенин «өркүндөгөнүн», «өскөнүн», «жакшырганын» кантип ченөөгө же баалоого болот? Албетте, болбойт.

Демек, максаттар так, ченеле турган болуп, сабак менен тыгыз байланышта ишке ашат, б.а. сабакты, анын мазмунун толук ачып бериши зарыл. Максаттар сабактын мазмунунан аз да, көп да болбошу керек. Сабакта колдонулган көнүгүүлөр, ишмердиктер, ыкмалар максат менен байланышып турушу шарт.

Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун 3 түрү (диагностикалык, калыптандыруучу, жыйынтыктоочу) болгондугуна карабастан, калыптандыруучу (формативдик, класс ичиндеги) баалоо боюнча гана атайын тренингдер бар, ал эми диагностикалык жана жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо боюнча өзүнчө атайын окутуулар жок. Диагностикалык баалоо баланын конкреттүү окуу предмети боюнча билиминин, билгичтигинин деңгээлин жана

эмнеде кыйынчылыктар, кемчиликтер бар экендигин аныктаганга жардам берет, ал эми жыйынтыктоочу баалоо бир теманын, бөлүмдүн же чейректин, жарым жылдыктын аягында алынып, ал боюнча баа белги (отметка) коюлат, б.а. аларды өзгөртүп жиберүүгө болбойт. Маселен, текшерүү иш «3» деген баага жазылса, ага «2» же «4», «5» деген баа коюуга болбойт эмеспи. Ал эми калыптандыруучу баалоо кайсы бир учурда гана болбостон, ал дайыма жүрүп, калыптандыруучу баалоонун техникаларынын жардамы менен окуу процессин, балдардын материалды өздөштүрүү процессин такай көзөмөлдөп, ага түзөтүү киргизип турганга мүмкүнчүлүк болот. Мисалы, «светофор», «кол менен белги берүү» ж.б. калыптандыруучу баалоонун техникалары аркылуу [Башталгыч мектептеги баалоо. «Билим берүүнүн сапатын жакшыртуу үчүн баалоо (READ)» тренингинин катышуучулары үчүн таркатма материалдар. –Бишкек, 2013, 30-31-б.] балдар өтүлүп жаткан материалды канчалык өздөштүрүп жатканын билүүгө болот. Эгерде окуучулардын көпчүлүгү өтүлгөн материалга түшүнбөй жатса, андан ары сабакты ошол нукта уланта берүүгө болобу? Албетте, жок. Мында сабактын жүрүшүнө өзгөртүү киргизүүгө туура келет.

Ошондой эле калыптандыруучу баалоодо окуучуга өздөштүргөн билимин, жетишкендиктерин жакшыртканга, жогорулатканга мүмкүнчүлүк берилет, бул калыптандыруучу баалоонун негизги өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп саналат. Мугалимдер «Жат жазуу же текшерүү иш калыптандыруучу баалообу же жыйынтыктоочу баалообу?» - деп көп сурашат. Мына ушул жерде калыптандыруучу баалоонун бул өзгөчөлүгү жат жазуунун же текшерүү иштин кандай баалоо экендигин аныктаганга жардам берет. Эгерде бул иштерден кийин баа дароо журналга коюлса, анда бул – жыйынтыктоочу баалоо, ал эми окуучуга баасын оңдогонго, билим деңгээлин жогорулатканга, жакшыртканга мүмкүнчүлүк берилсе, анда бул – калыптандыруучу баалоо. Маселен, текшерүү иштен кийин ката кеткен жерлерди көрсөтүп, аларды окуучунун өзүнүн тапканына же үлгүнүн негизинде каталарды оңдогонго же болбосо окуучулар бири-биринин ишин текшерип, андан кийин өз ишин караганга мүмкүнчүлүк берилсе, анда бул, албетте, калыптандыруучу баалоо болот. Диагностикалык жана жыйынтыктоочу баалоодо мындай мүмкүнчүлүк берилбейт.

**Жаңы базистик окуу планынын өзгөчөлүктөрү жана ачык билим берүү ресурстары**

Жаңы иштелип чыккан базистик окуу планы окуу предметтерин жуурулуштурууга (интеграциялоого) багытталып, ал инварианттык, варианттык жана профилдик компоненттерден туруп, мектептердин каалоосу боюнча сааттарды, предметтерди окуу процессине киргизүүгө мүмкүнчүлүк берип, ошондой эле анда жаңы окуу предметтер пайда болуп, билим берүү чөйрөлөрүнүн ортосундагы сааттарды балансстоо ишке ашты.

Кыргыз Республикасында ачык билим берүү ресурстарына да көңүл бурулуп, википедиянын кыргыз тилиндеги кеңири варианты, https://translate.google.ru котормочусу кыргыз тилинде ийгиликтүү иштеп жатат жана ачык билим берүү ресурстарынын Lib.kg репозиторийи ишке кирди. Башталгыч класстардын окуучулары үчүн ibilin.kg, 5-9-класстардын окуучулары үчүн «Билим булагы» сайттары ишке кирди. Бул аткарылган иштер кыргыз тилиндеги жана башка тилдердеги электрондук материалдарды кеңири колдонгонго мүмкүнчүлүк түзөт.

**Жыйынтык жана сунуштар**

Учурда билим берүү системасында жасалып жаткан иштерди өткөөл мезгилдеги реформа катары кароого болот. Бул иштерди мындан ары улантуу менен, окуучулардын жумалык, жылдык окуу жүктөмдөрүн азайтуу, окуу предметтерин жуурулуштуруу аркылуу алардын санын кыскартуу, тандоо окуу предметтерин киргизүү, кесипке багыттоону (профилдик билим берүүнү) күчөтүү, ачык билим берүү ресурстарын, интерактивдүү санариптик окуу куралдарын иштеп чыгууну күчөтүү керек.

Ошондой эле мындан аркы иши эки багытка басым жасоо менен улантуу зарыл.

Биринчиден, окуучуларды баа, мугалим же ата-эне үчүн окуу психологиясынан арылтуу абзел. Муну бир гана билим берүү системасы өз алдынча ишке ашыра албайт. Бул багытта мамлекеттик

деңгээлде иш жүрүүсү керек. Анткени адистер билим деңгээлинин, тажрыйбасынын, компетенттүүлүгүнүн негизинде гана жумушка орношуусу зарыл. Бул идеологияны активдүүлүк менен ишке ашыруу шарт.

Экинчиден, бүгүнкү күндө билим берүү стандарттарынын эки түрү бар. Биринчиси – окуучудан талап кылынуучу талаптардын базалык деңгээлинин аныкталышы. Кыргыз Республикасында мына ушул түрү мыйзамдар менен бекиген. Мында базалык деңгээлден өткөн бала талапка жооп берди деп эсептелет да, андан аркы талаптар так аныкталып жазылбайт. Экинчи түрү – тиешелүү курактагы (маселен, бүтүрүүчү) баланын үлгүлүү эталону аныкталат да, окуучулар ошого карата умтулушат. Көпчүлүк өнүккөн мамлекеттерде мамлекеттик стандарттын ушул түрү колдонулат. Кыргыз Республикасы да мыйзамдык негизде ушул экинчи жолго өтүүсү зарыл. Мында баланын алдында дайыма умтулууга боло турган чек көрүнүп турат.

Мектепке чейинки жана мектептик билим берүүнү жаңылоо багыттары тууралуу кийинки макалада сөз болмокчу.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасында Жалпы мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты, КР Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 токтому менен бекиген.
2. Мектепке чейинки билим берүү жана балдарды кароо мамлекеттик стандарты. Кыргыз Өкмөтүнүн 2012-жылдын 23-октябрындагы №742 токтому менен бекиген.
3. «Балалык» 3төн 6 жашка чейинки балдарды өнүктүрүү программасы. –Бишкек, 2017.
4. «Нариста» балдарды мектепке даярдоо программасы. –Бишкек, 2014.
5. Башталгыч класстардагы Кыргыз тил жана окуу боюнча предметтик стандарт, КР Билим берүү жана илим министрлигинин 2016-жылдын 21-апрелиндеги коллегиясынын чечими менен бекиген.
6. Жалпы билим берүүчү мектептердин мугалимдерин аттестациялоонун материалдары. –Бишкек, 2016.
7. «Башталгыч мектеп үчүн билим берүү стандарттары» тренингинин материалдары. –Бишкек, 2016.
8. Башталгыч мектептеги баалоо. «Билим берүүнүн сапатын жакшыртуу үчүн баалоо (READ)» тренингинин катышуучулары үчүн таркатма материалдар. –Бишкек, 2013.


***Рецензент: п.и.д., профессор Добаев К.Д.***